Бекитемин

Мектептин директору

Осмоналиева Т.А.

«11» 03 2022-ж.

**Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүүдө жалпы билим берүү уюмунун милдеттери:**

-Белгиленген окуу предметтери боюнча ПКнын курамын түзөт жана анын ишмердүүлүгүн жөнгө салат.

-Негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн программаларын өздөштүргөн 9 жана 11-класстардын окуучуларынын тизмесин тактайт жана бекитүүгө сунуштайт.

-Окуучулар жана ата-энелерине ЖМАны өткөрүү тууралуу маалыматты өз убагында билдирет.

-РайБББнө ЖМАны өткөрүү жөнүндө маалымат берет.

-Өткөрүү жайын даярдоо боюнча иштерди (дезинфекциялык иштер, өздүк коргонуу ыкмалар ж.б.) белгиленген мөөнөттө аткарууну камсыз кылат.

-ЖМАнын жыйынтыктары менен бүтүрүүчүлөрдү тааныштырууга жоопту жана милдеттүү.

-Предметтик комиссиянын курамы педагогикалык кеңештин сунуштамасына ылайык аныкталат жана ЖБУнун буйругу менен бекитилет.

-ПКнын төрагасы болуп билим берүү уюмунун директору, окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары дайындалат.

-Тийиштүү предмет боюнча ПКнын төрагасы жалпы жетекчиликти жүргүзөт жана баалоо процедураларын жөнгө салат.

-Баалоо өткөрүлүп жаткан предмет боюнча 9 жана 11-класста сабак окуткан мугалим ПКнын төрагасы болуп шайланбайт.

-ПКнын курамы 3 тен кем эмес жана 5тен кем эмес адамдан турат (алар комиссиянын төрагасы, предметти окуткан мугалим жана ассистент,)

**ПКнын милдеттери:**

-Баалоону өткөрүү процессин ишке ашырат

-Баалоонун жыйынтыктары боюнча протоколдорду түзөт.

-Баалоонун жыйынтыктарын окуучуларга сабак берген мугалимдер класс жетекчи аркылуу маалымдайт.

-Ата-энелерге ЖМАнын жыйынтыгы тууралуу маалыматты ар түрдүү булактар аркылуу жеткизет.

-ЖМанын жыйынтыктарына макул эместиги тууралуу арыздарды окуучулардан жана алардын ата-энелеринен кабыл алып, талаш-тартыш комиссиясына өткөрөт.

**Окуучулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга катышуу тартиби**

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мекемелериндеги 9 жана 11-класстын окуучулары ЖМАнын катышуучулары болуп саналат.

-Академиялык карыздары жок жанан окуу планын толук көлөмдө аткарган, бардык окуу предметтери боюнча жылдык баалары канааттандырарлык баадан төмөн болбогон окуучулар

-Окуу планында бекитилген предмет боюнча өткөрүлүп жаткан баалоого 3(үч)төн ашык эмес окуу предмети боюнча "канааттандырарлык эмес" баага ээ болгондор педагогикалык кеңештин сунуштамасына жана жалпы билим берүү уюмунун буйругуна ылайык предмет боюнча дистанттык тапшырма аткаргандан кийин гана киргизилет.

-Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар мекемесине караштуу дарыгерлик кеңеш берүү комиссиясынын же ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн психологиялык-медициналык-педагогикалык кеңеш берүүнүн корутундусунун негизинде ЖБУнун буйругу менен Жобого ылайык ЖМАдан өтүүгө берилет.

**Жыйынтыктоочу аттестациянын өткөрүүнүн мөөнөтү.**

-Ушул окуу жылында мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоодон кайрадан өтүүчүлөр жылдык канааттандырарлык эмес баа алган предметтер боюнча ЖБУнун тапшырмаларын дистанттык формада талапка ылайык аткара алса, ЖМАны тапшырууга укугу бар.

-ПК баалоону 2021-жылдын 2-июнунан 13-июнга чейин өткөрө алат. ЖМА нын графиги төмөндөгүдөй тартиптте болуп бекитилет.

Жалпы билим берүү уюмунда ЖМАны өткөрүү күнү төмөнкүлөр катышат:

-ЖБУ директору, ПК мүчөлөрү

-ПКнын ишине жардам берүүчү кызматкер.

Орто билим берүүнүн, негизги билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн, 10 жана 11-класстын курсу үчүн аныкталган окуу планынын бардык окуу предметтери боюнча чейректик, жарым жылдык баалары "5" (эң жакшы) деген баадан кем эмес алган талапкерлер белгиленген тартипте педагогикалык кеңештин сунуштамасынын жана жалпы билим берүү уюмунун негизинде "Алтын тамга" тестирлөөгө катыша алат.

**Жыйынтыктоочу мамлеккеттик аттестациялоонун тартиби.**

-ПКар бир предмет боюнча окуучулардын учурдагы жана чейректик бааларын жана алардын туура коюлушун карайт. ПКнын жыйынтык бааларын чыгарууда текшерүү

иштеринин, лабораториялык иштердиин жыйынтыктарын, окуучулардын чейректик, жарым жылдык, жылдык жетишүүсүн эске алат.

-Баалар “5” баллдык системада коюлат. Эгерде үлүш бөлүк 5 тен чоң болсо, кийинки санга оойт. Талаш тартыш учурунда сабак берген мугалимдин пикири эске алынат да, окуучунун пайдасына чечилет.

-Эне тили предмети боюнча жыйынтыктоочу бааларды коюуда жалпы жыйынтыкталган ведомостко эки баа коюлат (эне тили жана адабияты боюнча)

-Окуучулардын жыйынтыктоочу баалары класстык журналга, негизги билим тууралуу жана орто билим тууралуу аттестат берүү китебине, өздүк делосуна жана протоколго коюлат.

**Аппеляцаларды кабыл алуу жана карап чыгуу.**

-Талаш-тартыш комиссиясы ЖБУнун буйругу менен 5 кишинин курамында түзүлөт. Курамы: Билим берүүнүнүмамлекеттик башкаруу органдарынын өкүлдөрү, директорлор кеңешинен, камкордук кенешинен жана ата-эне коомчулугунан түзүлөт. ПКнын мүчөлөрү ТКнын курамына кирбейт

-ТКнын иштөө тартиби, курамы жана ыйгарым укуктары ЖМА башталганга бир жума калганда аныкталат, окуучуларга жана ата-энелерине маалымат жеткирилет.

-Окуучулар ЖМУнун директоруна арыз менен кайрылат, директор ТК на жеткизет.

-ТК арызды кабыл алат жана карайт. Аппеляцияны канаттандыруу же четке кагуу жөнүндө чечим кабыл алат; кабыл алган чечим тууралуу окуучуга жана анын ата-энесине , ПКга маалымат берет.

-ТК чечимдери протокол менен бекитилет

-Өз милдетин аткаруу максатында ЖБУга керектүү документтерге, маалыматтарга жана ПКнын тиешелүү протолколдоруна сурам жиберет.

-Апелляцияны кароо учурунда ТКнын отурумуна каалоосу боюнча окуучулар жана ата-энелери, ПКнын мүчөлөрү дистанттык түрдө катыша алат.

-Окуучу коюлган жыйынтыктоочу баа менен макул эместиги тууралуу арызын ЖМАнын жыйынтыктары менен таанышкандан кийин, бир күн кечикпей жибериши керек.

-Апелляцияны кароо учурунда төмөнкү эки чечимдин бирин кабыл алат.

-1. Апелляцияны четке кагуу жөнүндө

-2. Апелляцияны канаттандыруу жөнүндө

-Текшерүүнүн жыйынтыктары корутунду түрүндө жазылат. Апеляция жана корутунду түрүндө жазылган текшерүүнүн жыйынтыктары ошол эле күнү ЖБУга жиберилип, окуучуларга жана алардын ата-энелерине маалымдалат.

AnyScanner

**Артыкчылык көрсөткөн бүтүрүүчүлөрдү сыйлоо.**

-Бир же бир нече предметтерди өздөштүрүүдө өзгөчө жетишкендиктреге ээ болгон 9 жана 11-класстын окуучулары "Айрым предметтерди өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн" Мактоо баракчасы менен сыйланат.

-Бүтүрүүчүлөрдү "Айрым предметтерди өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн" Мактоо баракчасы менен сыйлоо чечими ЖБУнун педагогикалык кеңеши тарабынан кабыл алынат.

-Билими тууралуу документи жана "Айрым предметтерди өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн" Мактоо баракчасы бүтүрүүчүлөргө жиберилет.

AnyScanner